**Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин расмий опионенти педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж. А. Чымановдун пикири**

**I. Теманын адистикке дал келиши.** Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы эмгеги өзүнүн объектиси, предмети, мазмуну жана изилдениш багыты боюнча 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине дал келет.

**II. Теманын актуалдуулугу.** Республикабыздын жогорку окуу жайларында бир канча жылдан бери кыргыз тили окутулуп келет, ЖОЖдун методикасынын бардык талаптарына жооп берген толук кандуу окуу китеби жок экени, ал эми программалар ЖОЖдун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары жөнүндө жыйынтык чыгарууга жол түздү. Белгиленген окумуштуулардын эмгектеринде дене тарбия багытындагы мугалимдердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөлөр болбогондугу иштин актуалдуулугун айгинелеп турат.

Изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоодо практикада жолугуп жаткан төмөнкүдөй карама-каршылыктар менен чечилүүчү проблемалар эске алынган. Алар:

-дүйнөлүк ааламдашуу, дүйнөлүк интеграция күчөп турган азыркы доордо кыргыз тилинин орду жана аны терең окутуу учурдун эң башкы талабы. Азыркы оош-кыйыштуу процесстердин агымы менен күн сайын тилибизге таасир этип жаткан көрүнүштөр улуттук тилибизди нукура бойдон сактап калууга жана аны өнүктүрүүгө түрткү берип жатат.

- совет мезгилиндеги жетимиш жыл ичинде андан кийин да эгемендүүлүктөгү отуз жылдан ашуун убакытта, дээрлик бир кылымга тете мезгилде дене тарбия предметине сабак катары анчалык маани берилбей, экинчи планга сүрүлүп калуусу, атүгүл алыскы аймактарда да дене тарбия предмети орус тилинде окутулуп, кесиптик терминдер орус тилинен которулбастан (налево, направо, кругом ж.б.) ошол боюнча калгандыгы;

- жогорку окуу жайларында да дене тарбия дисциплиналарындагы анын кыргыз тилинде окутулушунда эмдигиче формалдуулуктун өкүм сүрүүсү;

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 79 «18» 06 2021 ж/г

- спорттук терминдердин толук түрдө кыргыз тилине так, туура которулбагандыгынан студенттердин сөзгө, кепке маани бербей, сөз байлыгынын жардылыгы;

- студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө арналган атайын илимий изилдөөнүн жүргүзүлбөгөндүгү;

- Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын уюшулганына 60 жылдан ашса да бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилинен илимий иштер жазылбай келгендиги, кыргыз тилинде диссертациялардын жакталбагандыгы;

- дене тарбия мугалимдери үчүн талапка ылайык кыргызча толук кандуу окуу куралы, методикалык колдонмолор, окуу-методикалык куралдардын жоктугу, окуу программалары окуу жайынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары, дене тарбия багытындагы мугалимдердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөлөр болбогондугу ж.б.у.с. көйгөйлөр жана карам-каршылыктар иштин актуалдуулугун тастыктап турат.

## III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары

**1-жыйынтык.** Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуу, тилдик рухий асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктары тууралуу түшүнүктөрү учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталган.

**2-жыйынтык.** Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда студенттердин кыргызча кебин байытуунун дидактикалык принциптери аныкталып жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлгөн.

**3-жыйынтык.** Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери алгачкы ирет иштелип чыгып, практикага сунушталды.

## IV. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын негизделиши жана ишмердүүлүгү

**1-жыйынтык** дене тарбия адистигиндеги студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталгандыгы жаңы болуп саналат.

**2-жыйынтык** жаңы деп эсептөөгө болот, себеби дене тарбия багытындагы студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун

педагогикалык шарттары аныкталып жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлгөн.

**3-жыйынтык** жаңы деп эсептөөгө болот, анткени дене тарбия адистигиндеги студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыккан;

**4-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы болуп саналат, анткени эксперименттик жумуштар буга чейин да кыргыз тили боюнча жогорку окуу жайларда, мектептерде аткарылып келет.

**5-жыйынтык** жаңы деп эсептөөгө болот, себеби дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуунун илимий багыттары, кыргыз тили сабагында кеп ишмердүүлүгүнө окутуунун методикасы, кеп маданияты илими боюнча илимий изилдөөлөр, тилдик-коммуникативдик жактан окутуп-тарбиялоонун теориялык маселелери бул иште алгач ирет сөзгө алынган.

## VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо

Изилдөөгө алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулук, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

## VII. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо

А.М. Омурованын диссертациялык иши педагогика илиминде буга чейин изилдөөгө алына элек маселеге, башкача айтканда, дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын, методологиялык негиздерине иликтөө жүргүзүү менен кыргыз тилин жана адабиятын улантуучу топторго жүргүзүлгөн 1-2 курстардын студенттеринин кеп ишмердүүлүгүн жазуу, окуу, сүйлөө, угуу багыттары боюнча окутуу талаптарын аткаруу менен аныктоого багытталган. Ошондуктан диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий-изилдөөчүлүк, илимий-методологиялык, билим берүүчүлүк, практикалык мааниге ээ.

## VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, көрсөткүчтөр, бүтүм-корутундулар КР ЖАКнын тизмесине кирген же

индекстелген системага кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 15 макалада илимий жетекчиси менен бирдикте 1 макалада жана жарык көргөн КМДТСАнын профессор А.М.Наралиевдин жетекчилиги астында окутуучулары менен бирдикте түзүлгөн орусча-кыргызча терминологиялык сөздүктө чагылдырылган.

**IX. Авторефераттын диссертациясынын мазмунуна шайкеш келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын кецири идеялары, жыйынтыктарынын жазылышы, автордун кошкон салымы, жаңылыгыгнын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефератта коюлуучу талаптар толук сакталган.

**X. Диссертациянын мазмунунда жана жасалгандыгында айрым мүчүлүштүктөр**

Диссертациянын жана авторефераттын мазмунунда, жасалгаланышында орун алган төмөнкүдөй айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш айтууга болот.

1. Текст ичинде шилтелмедерди берүүдө бирдейлик сакталбай калган, айрым шилтелмедерде, эмгектин чыккан жылы, бети көрсөтүлсө, айрымдарында автор, эмгектин чыккан жылы, айрымдарында болсо, эмгектин аталышы, бети көрсөтүлгөн.

**XI. Диссертациянын КР ЖАКнын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарына ылайык келиши**

**Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы»** аттуу диссертациясы КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика
илимдеринин доктору, профессор: Чыманов Ж. А.

Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» – аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттин

ПИКИРИ

Изденүүчүнүн илимий иши Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси: Илимий жетекчиси: Мусаева Венера Инятовна – педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин педагогика факультетинин башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору.**

Педагогикалык билимге ээ болуп жаткан болочоктогу педагог студенттерге байыркыдан бери сакталган кылымдарды карыткан карт тарыхы бар кыргыз тилинин кесиптик сөздөрүн, кыргызча терминдерин лексика-фразеологиялык сөздүк корун окутуу аркылуу пикир алмашуу, карым-катнаш жасоо, кунт коюп уга билүү аркылуу сүйлөшүү, кыргызча баарлашуу, маектешүү менен сөз байлыгын кеңейтүүнүн натыйжасында кыргызча кеп ишмердүүлүгү өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилейт.

Диссертация киришүүдөн, үч главадан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен, **148 адабий булактардаи, 9 таблицадан, 10 тиркемеден турат. Иштин көлөмү – 168 беттен, жалпы колөмү – 243 беттен турат.**

**Иштин киришүүсүндө изилдөөгө алган теманын актуалдуулугу, коюлган проблеманын максаты жана милдеттери аныкталган, изилдөөнүн жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого алынып чыгуучу жоболор тууралуу маалыматтар такталган.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 80 «18» 06 2021 ж/г

**Биринчи глава** «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутууда студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо» - деп аталып, аталган дисцилинаны үйротүүнүн мааниси, милдеттери, окуп-үйрөнүүнүн жана анын изилденишинин тарыхы, методологиялык таянычтары көрсөтүлгөн.

Дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү болочок адистердин жалпы эле кепишмердүүлүгүн өрчүтүүнүсүнө багытталган эмгектерди талдоого алынган, ошондой эле окуу-машыгуу сабактарын жана тарбиялоочу ишти жүргүзүүдө педагогдун студенттерге таасир этүүнүн негизги каражаты болуп жандуу кеп экенин белгилейт. Машыктыруучунун жана дене тарбия мугалиминин кеп ишмердүүлүгү – бул кепти кыймылдатуучу координацияга байланыштуу, ал бир убакытта көнүгүүнүн сапатын, тууралыгын, тактыгын жана кептин көркөмдүүлүгүн бузбай көрсөтүү жана түшүндүрө билүү билгичтигин ээ экендигин баса көрсөтүлгөн.

Методика илиминде аныкталган жеңилден оорго, илимийлүүлүк, теориядан практикага, системалуулук ж.б. дидактикалык принциптерди жетекчиликке алуу менен кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдөгү жеке дидактикалык принциптер катары тилдик-коммуникативдик, кыргыз тилинде системалуу баарлашуу, кырдаалдык-тематикалык, окуу материалдарынын коммуникативдик багыттары, коммуникативдик-функционалдык принциптери белгиленип, теория менен практиканын байланышы принцибине ылайык айрыкча, дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө окумуштуу К.Биялиев белгилегендей «илимий грамматика менен бирдей деңгээлде эле практикалык грамматикага» өзгөчө басым жасалгандыгы белгиленген.

**Экинчи глава. «Кыргыз тилин жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган. Бул главада изилдөөнүн материалдары жана методдору, жаңы формалары

каралып, сунушталган, педагогикалык тажрыйбалардын жүрүшү, жыйынтыктары чагылдырылган.

Илимий изилдөөнүн негизги материалы катары диссертант бир нече жылдар бою апробациядан өткөрүлүп, мазмуну такталган, кыргыз тили боюнча окутууга багытталган жумушчу окуу программасын иштеп чыккан. Жумушчу программа жогорку окуу жайларында кыргыз тили жана адабиятын окутуу боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Кыргыз тили жана адабиятын окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жаатында иштелип чыккан ыкмалар, методдор студенттерге аталган дисциплинаны окутуу процессинде педагогикалык экспериментте сыноого коюлуп, тиешелүү жыйынтыктар алынган. Педагогикалык эксперименттик метод жогоруда айтылган окуу программасынын негизинде ишке ашырылган. Аталган программа диссертациялык эмгектин тиркемесине киргизилген.

Эксперименталдык база катары Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, аскерге чейинки даярдык жана спорт факультеттери жүргүзүлгөн.

**Эксперименттин биринчи этабында** (2015-2016-окуу жылы) жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун теориясына жана практикасына багытталган, педагогика жана психология, кеп ишмердүүлүгүнө байланыштуу илимий эмгектерди үйрөнүп, талдоого алынган.

**Эксперименттик методдун экинчи окутуучу, үйрөтүүчү этабында** (2015-2016; 2016-2017-окуу жылдары) экспериментке катыша турган текшерүүчү жана эксперименттик топторду тандалып алынган. Экспериментке бардыгы 778 студент, алардын ичинен 434 студент 1-курстан, 344 студент 2-курстан катышышкан. Диссертант тараптан иштелип чыккан методикалык ыкмалар, усулдар, каражаттар, көрсөтмөлөр текшерүүчү жана эксперименттик топтордо сыноого коюлган. Коммуникативдик багыттагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) тууралуу буга чейинки илимий булактарга, методикалык адабияттарга таянуу менен аларды

жетекчиликке алган. Педагогикалык-тажрыйбалык иштин мазмуну аныкталып, студенттердин уга билүү, окуй алуу, сүйлөй билүү жана жаза билүү коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү менен тилдик, кептик жана маданий коммуникативдик компетенттүүлүктөргө ээ кылуу боюнча төмөнкүдөй окуу материалдары сыноодон өткорүлгөн:

***Кыргыз тили жана адабиятын окутууда студенттин угуу ишмердүүлүгүн, сүйлөө ишмердүүлүгүн, жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багыттарында иш жүргүзүлгөн.***

Сүйлөө ишмердүүлүгүндө ***студенттердин ар кандай кырдаалдарда оозеки пикир алышуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына көңүл бурулган,*** өзгөчө коммуникативдик каалоо (ниет) - *кептик интенция* жаралгандыгын белгилеген. Ошондой эле ***жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында*** жат жазуу, баяндама, дил баян, эссе, доклад, реферат, расмий иш кагаздарга менен иш жүргүзүлгөн.

**Эксперименттик методдун үчүнчү текшерүүчү, жыйынтыктоочу этабында (** 2017-2018; 2018-2019-окуу жылдарында) жогоруда тажрыйбада сыналган Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, аскерге чейинки даярдык жана спорт факультеттеринин биринчи жана экинчи курстарынын студенттеринин уга билүү, окуй алуу, сүйлөй билүү жана жаза билүү коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү багытындагы кеп ишмердүүлүгүнүн коммуникативдик окуу материалдары боюнча алынган натыйжалар боюнча жыйынтык чыгарылган. Жалпы үч факультетти салыштырып караганда, педагогика жана спорттун улуттук түрү факультетинин студенттеринин өздөштүрүүлөрүндөгү өсүштөр жогору экендиги аныкталган.

Жыйынтыгында **өздөштүрүүнүн өсүшү орто эсеп менен 10,7 %** ды түзгөн.

Тажрыйбадан алынган оң жыйынтыктар диссертант тараптан коюлган илимий божомолдун туура экендигин жана изилдөөнүн алдына коюлган милдеттер натыйжалуу ишке ашырылгандыгын далилделген.

**“Кыргыз тили жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун методикасы”** аттуу **үчүнчү главада** кыргыз тили жана адабиятын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) өнүктүрүүнүн ыкмалары, формалары, методдору жана модели иштелип чыккан. Изилдөөчү тарабынан кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук элдик оюндарын аткарууда коммуникативдик билим, ыкма, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруунун айрым үлгүлөрү келтирилген.

Корутундуда изилдөөнүн негизги натыйжалары чыгарылып, практикалык сунуштар берилген. Бул көйгөй боюнча иштелүүчү келечектүү иштердин багыттары сунушталган.

Жалпысынан алганда, диссертациянын мазмуну, сүйлөмдөрү сапаттуу жана так. Иштин натыйжалары ЖОЖдордун практикасында колдонууга абзел, өшону менен бирге студенттердин кыргызча кебин байытуу боюнча иштөөнүн методикасын өнүктүрүүнүн лингвистикалык негиздери коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүдө практикалык мааниси зор.

**Диссертациялык иштин жалпы сапатын, мазмунун жана анын жабдылышын дагы жакшыртуу үчүн изденүүчү төмөнкүлөргө көңүл буруп, айрым оңдоо, толуктоо иштерин жүргүзүүсүн каалар элек:**

- Диссертацияда орфографиялык, пунктуациялык, стилдик, техникалык каталар кездешет (3, 6, 10, 11, 25, 26, 52, 74, 102);
- диссертацияны техникалык жактан жасалгалоо кемчиликтери бар;

Бул пайдаланган адабияттардын тизмесин көрсөтүүдө кезигет, мисалы: айрым илимий иштин кайсы басмадан чыкканы, анын канча беттен тургандыгы ж.б.

- авторефераттагы чагылдырылган эмгектерди кайрадан карап чыгуу;
- изилдөөнүн жыйынтыктарын жарыялоону улантуу.

Албетте, бул пикир-сунуштардын көпчүлүгү каалоо ниетинде айтылып, иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

Омурова Айна Молдогазиевна «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» – аттуу диссертациялык иши жана анын авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби» жөнүндөгү жобонун 10-пунктунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Омурова Айна Молдогазиевна аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу. Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистигине туура келет. Омурова Айна Молдогазиевнапедагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,педагогика**
**илимдеринин кандидаты,**
**И.Раззаков атындагы КМТУнун**
**кыргыз тили кафедрасынын доценти Исираилова А.М.**

"БЕКИТЕМИН"
С. Нааматов атындагы НМУнун илим жана өнүктүрүү боюнча проректору, ф.и.д., проф.м.а
_______________Жантаев А. С.
_______________2021-ж.

Омурова Айна Молдогазиевнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгү өстүрүүнүн методикасы" деген аталыштагы диссертациясына жетектөөчү мекеме иретинде С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Диссертациялык иштин темасы актуалдуу. Анткени, 2019-жылдан берки бүткүл дүйнө элдерин бушайманга салган жугуштуу дарт адамзатка анын сак-саламатчылыгы эң башкы байлык катары алдыңкы орунда турарын катуу эскертип өттү. Ушундан улам, быйылкы жыл өлкөбүздө Кыргыз Республикасынын президенти Жапаров Садыр Нуркожоевичтин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясынын" жылы катары жарыялангандыгы да бекеринен эмес.

Окумуштуу Е. Д. Никитина белгилегендей, дене тарбия окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү болочок педагогдук ишмердүүлүккө даярдануу менен балдар менен тил аркылуу пикир алышып иштешкендиктен, дене тарбиясынын ден соолукту чыңдоочу, кайра калыбына келтирүү дене тарбиясынын адистери болобу, спорттук менеджмент же орто жана жогорку билим берүүнүн окутуучулары, спорттун кайсы бир түрү боюнча машыктыруучу болобу, баары бир кеп ишмердүүлүгү аркылуу бири-бири менен баарлашууга түздөн-түз байланышы болоору бул – чындык.

Бирок ошентсе да, дене тарбия адистиктерине кыргыз тилин окутуу жаатында бир катар *карама-каршылыктар* орун алып келди. Алар:

- совет мезгилиндеги жетимиш жыл ичинде андан кийин да эгемендүүлүктөгү отуз жылдан ашуун убакытта, дээрлик бир кылымга тете мезгилде дене тарбия предметине сабак катары анчалык маани берилбей, экинчи планга сүрүлүп калуусу, атүгүл алыскы аймактарда да дене тарбия

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 81 «18» 06. 2021 ж/г

экинчи планга сүрүлүп калуусу, атүгүл алыскы аймактарда да дене тарбия предмети орус тилинде окутулуп, кесиптик терминдер орус тилинен которулбастан (налево, направо, кругом ж.б.) ошол боюнча калгандыгы;

- жогорку окуу жайларында да дене тарбия дисциплиналарындагы анын кыргыз тилинде окутулушунда эмдигиче формалдуулуктун окүм сүрүүсү;

- спорттук терминдердин толук түрдө кыргыз тилине так, туура которулбагандыгынан студенттердин сөзгө, кепке маани бербей, сөз байлыгынын жардылыгы;

- студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө арналган атайын илимий изилдөөнүн жүргүзүлбөгөндүгү;

- дене тарбия предметине көңүл бурулбагандыктан, кыймылдуу аракеттердин жоктугунан улам, айрым өспүрүм улан-кыздардын арасында кечке компьютерде отура бергендиктен улам да дене түзүлүшүндөгү мүчүлүштүктөр же кыймылсыздыктын ар кандай илдеттеринин пайда болуусу;

- мектептерде жана жогорку окуу жайларында дене тарбия сабактарында жаштардын дене боюнун, колу-бутунун булчундарынын туура өсүүсүнө машыктыруучу кыргыз элинин улуттук кыймылдуу спорт оюндарынын, акыл-эс маданиятына көнүктүрүүчү ар кыл элдик дидактикалык сөз оюндарынын дегеле практикаланбагандыгы, кыргызча окутулбагандыгы;

- Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын уюушулганына 60 жылдан ашса да бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилинен илимий иштер жазылбай келгендиги, кыргыз тилинде диссертациялардын жакталбагандыгы;

- дене тарбия мугалимдери үчүн талапка ылайык кыргызча толук кандуу окуу куралы, методикалык колдонмолор, окуу-методикалык куралдардын жоктугу, окуу программалары окуу жайынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары, дене тарбия багытындагы мугалимдердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөлөр болбогондугу ж.б.у.с. көйгөйлөр жана карам-каршылыктар иштин актуалдуулугун тастыктоо менен бирге эле аталган теманы тандап алып, анын үстүндө иштөөгө негиз болгон.

Иштин максаты, милдеттери илимий деңгээлде ишке ашырылган. Диссертациялык иштин объектиси – кыргыз тили жана адабиятын дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутуу процесси. Изилдөөнүн предмети болуп, кыргыз тили жана адабиятын дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү болгон.

Диссертациянын жаңылыгы:

- кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуу, тилдик рухий асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктук түшүнүктөрү учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталган;

- кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда студенттердин кыргызча кебин байытуунун дидактикалык принциптери аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлгөн.

- кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери алгачкы ирет иштелип чыгып, практикага сунушталган.

Теманын илимий мазмундук жактан негизделиши талаш жаратпайт. Илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тили жана адабиятын жаңыланган багытта окутууда, кыргыз тилин окутуунун жумушчу программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык комплекстерди түзүүдө, дене тарбия адистигинен тышкары филолог эмес адистиктеги факультеттердеги студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланууга болот.

Изилденген темага байланыштуу диссертанттын жарыяланган эмгектеринин саны, мазмуну талапка жооп берет. Изилдеген тема үстүндө көп жыл иштегени көрүнүп турат. Изилдөөнүн структурасы кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет.

“Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутууда студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо” аттуу биринчи главада кыргыз тилин окутуу боюнча жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтери, окуу-методикалык куралдары, илимий изилдөөлөр талдоого алынган. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун методикасы жаатында профессорлор К. Д. Добаев, Ж. А. Чыманов, В. И. Мусаева, А. С. Мукамбетова, К. А. Биялиев, М. М. Сыдыкбаева, Т. Маразыков ж.б. үзүрлүү эмгектенип жаткандыгы жана дене тарбия адистигиндеги студенттерге кыргыз тилин жана адабиятын окутуу боюнча атайын илимий-изилдөө иштеринин аткарылбагандыгы белгиленген. Ошону менен бирге эле изилдөөдө, негизинен, белгилүү дидакт Я. А. Коменский, К. Д. Ушинский, В. А. Сухомлинский баштаган кийин В. И. Максимов, Ж. А. Чыманов ж.б. бир катар окумуштуулар уланткан жалпы дидактикалык

принциптерге таянуу менен дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун терминдер, кесиптик сөздөр менен байытуу аркылуу алардын кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү менен аларды болочоктогу мугалимдик кесибине даярдоо оң натыйжаны алып келери аныкталган.

"Кыргыз тилин жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору" аттуу диссертациянын экинчи главасында изилдөөнүн обьектиси менен предмети төмөнкүдөй аныкталган:

Изилдөөнүн объектиси: Кыргыз тили жана адабиятын дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутуу процесси.

Изилдөөнүн предмети - Кыргыз тили жана адабиятын дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутууда кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

Изилдөөдө тарыхый-хронологиялык метод аркылуу кыргыз тили боюнча кыргыз алиппелеринен баштап, алгачкы окуу куралдары, окуу-методикалык колдонмолор, илимий иштер, диссертациялык эмгектер талдоого алынган. Ошондой эле, байкоо методу аркылуу алгачкы билим деңгээлдери аныкталса, салыштыруу жана жалпылоо методдору аркылуу студенттердин коммуникативдик окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлдери белгиленген. Тажрыйбанын бардык этабында аңгемелешүү, сурамжылоо анкета алуу методдорун колдонулуп, талдоо, анализдөө жана статистикалык методдордун жардамы менен эксперименттин натыйжалуулугу аныкталган.

Кыргыз тили жана адабиятын окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жаатында иштелип чыккан ыкмалар, методдор студенттерге аталган дисциплинаны окутуу процессинде педагогикалык экспериментте сыноого коюлуп, тиешелүү жыйынтыктар алынган. Педагогикалык эксперименттик метод жогоруда айтылган окуу программасынын негизинде ишке ашырылган. Аталган программа диссертациялык эмгектин тиркемесине киргизилген.

Эксперименталдык база катары Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, аскерге чейинки даярдык жана спорт факультеттери алынган. Ар бир главада диссертант жыйынтыктуу илимий корутундуларды жасай алган. Диссертант изилдөөгө алган темасын жакшы өздөштүргөн, иштин проблемасын түшүнгөн, изденүүчү катары өз ойлорун бир топ анализдер менен көрсөткөнгө жетишкен.

Диссертациянын корутундусунда изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жалпылаштырган. Диссертанттын эмгегинде белгиленген максат, милдеттер изилдөө процессинде мүмкүн болушунча толук ишке ашкан. Кыргыз тилин жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп

ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча системалуу изилдөө менен аталган эмгекте диссертант өзүнүн аргументтүү, ишенимдүү, кыйла жагынан жаңы илимий корутундуларды чыгарууга жетишкен.

Авторефераттын мазмуну, жоболору диссертациялык иштин мазмуну менен шайкеш келердигин белгилейбиз. Анда диссертациянын мазмунунан ашыкча берилген маалыматтар жок. А. Омурованын диссертациялык изилдөөсү диссертант тарабынан жекече аткарылган илимий иш экендиги айкын, алар диссертанттын илимий иштеринин мазмунунан тастыкталып келет. Изилдөөдө кыргыз тилин жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча кеңири изилдөөгө алынган. Диссертанттын изилдөө ишинде илимий стиль сакталган, ойлор түшүнүктүү чагылдырылып, мамлекеттик тилдин талаптарына жооп берет. Чыгарылган жыйынтык пикирлер тармактык мааниге ээ, конкреттүү тарыхый-адабияттык жагынан логикалуу жана системалуу, кыргыз тилин окутуунун методикасы илими үчүн маанилүү жаңылыктан болуп саналат. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жана практикалык тыянактары УАКтын “Илимий даражаларды ыйгаруу эрежелерине” толук туура келет.

Диссертант бул илимий иликтөөсүндө көп материалдарды, маалыматтарды алып таанышып, жетишерлик адабияттарды колдонуп көп жылдар изденип, көтөрүлгөн проблемасын илимий деңгээлде ачып берүүгө аракет жасаган. Ошого карабастан изилдөөдө орун алган айрым кемчиликтерди көрсөтүү керек.

Диссертацияда жана авторефератта айрым стилдик жана пунктуациялык каталар жолугат;

Жогоруда айтылган кемчилик диссертациянын жалпы децгээлине залака кетирбейт.

Жыйынтыктап айтканда, Айна Омурованын “Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы” деген аталыштагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант А. Омурова 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2021-жылдын 8- июнундагы отурумунда талкууланды. Диссертациялык ишти талкуулоого филология илимдеринин доктору, профессор С. О. Байгазиев, филология

илимдеринин доктору, профессор А. С. Жантаев, п.и.к., доцент. Б. Аман кызы, ф.и.к., доц. м.а. А. К. Чолпонбаев, ф.и.к., окутуучу З. Т. Исакбаева, ф.и.к., окутуучу Т. С. Дүйшеева, ф.и.к., окутуучу Т. А. Өмүрканов, ф.и.к., доц. м.а. Г. Сатылган кызы, п.и.к., доцент Н. А. Бийгелдиева, окутуучу Г. С. Үсөналиева, окутуучу Т. Аскар уулу, окутуучу А. С. Мукашовалар катышышты.

Корутунду пикир кыргыз тили адабияты кафедрасынын башчысы педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аман кызы Бакытгүл тарабынан жыйынтыкталып түзүлдү.

Отурумдун төрайымы,
п.и.к., доцент: Аман кызы Б.

Катчы: Керимкулова Э.

Б. Аман кызынын жана Э. Керимкулованын колдорунун тууралыгын тастыктай.

НМУнун кадрлар бөлүмү

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ